УДК 370.2

Карасартова Ж.Б., Имангазиева Р.У.

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# МУГАЛИМДЕРДИН АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН ИШТӨӨ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Бул макалада мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун социалдык-педагогикалык шарттары чагылдырылган.*

Биздин изилдөөбүз болочок башталгыч класс мугалиминин ата-энелер менен тарбиялык иш жүргүзүү боюнча компетенттүүлүгүн калыптандырууга багытталгандыктан, анын өзөктүү маселелерин түзгөн «үй-бүлө», «үй-бүлөдө тарбиялоо» түшүнүктөрүнүн тарыхый педагогикалык аспектилерин жана азыркы мезгилдеги илимий-практикалык проблемаларын аттап өтүү мүмкүн эмес. Үй-бүлө - ар кандай коомдун негизги институту, туруктуулук менен өнүгүү фактору. Үй-бүлө бар үчүн мамлекет бекемделет. Н.Я.Соловьёвдин пикири боюнча: «Үй-бүлө - коомдун социалдык тайпасы, инсандын турмушун уюштуруучу негизги формасы, жуптук союздаштар жана туугандык байланыштар». Кыргыз педагогу Н.А.Асипова «Үй-бүлө - бул нике менен бириккен, биологиялык жактан жана табигый бир тууугандык байланыштарды ичине камтыган чакан адамдардын тобу. Үй-бүлө мүчөлөрүн үй тиричилик, адеп-ахлак жактан жоопкерчилик, өз ара жардамдашуу сыяктуу табигый бир тууугандык мамилелер бириктирип турат. Үй-бүлөдө анын мүчөлөрүнө тиешелүү эрежелер, талаптар, жубайлар, ата-энелер жана балдар арасындагы өз ара чектелген карым-катнаш мамилелер өкүм сүрүп турат» деп мүнөздөйт.

Бардык эле коомдук түзүлүштөрдө үй-бүлө өсүп келе жаткан жаш муундарды социалдашуусунун эң негизги институту болуп эсептелип келген. Баланын социалдашуу процессинде үй-бүлө, *биринчиден,* физикалык жана эмоционалдык (сезимталдык) өсүп-өнүгүү шартын камсыз кылат. Бала чакта, өзгөчө, эң кичине кездеги үй-бүлөнүн табигый социалдаштыруучулук функциясын, ата-эненин мээримин, алардын камкордугун эч кандай башка шарттар менен толуктоого мүмкүн эмес. Мектепке окуган кезде, өспүрүм куракта да үй-бүлө негизги социалдашуу институтунун милдетин аткарат. *Экинчиден,* үй-бүлө баланын акыл-эс жагынан өсүп өнүгүүсүндө негизги ролду ойнойт. Америкалык изилдөөчү Блум тарабынан үй-бүлөлөрдүн жашоо тиричилиги боюнча ыңгайлуу же ыңгайлуу эмес деп аталган үй-бүлөлөрдөгү балдардын акыл-эс жактан өсүп-өнүгүү коэффициенттеринин ортосундагы айырмачылык 20 баллга жете тургандыгы белгиленген. *Үчүнчүдөн,* үй-бүлө балдар үчүн социалдык нормаларды өздөштүрүүнүн башаты болуп кызмат кылат. Өзгөчө, үй-бүлөнүн ролу, ата-энелик, бир тууугандык милдеттерди, коом алдындагы жоопкерчиликтерди өздөштүрүүдөгү ролу өтө чоң. *Төртүнчүдөн,* үй-бүлөдө инсандын фундаменталдык мааниге ээ болгон социалдык баалуулук, нарктуулук багыттары калыптанат. Башкача айтканда, үй-бүлөдө ошол коомго, этноско, социалдык топко мүнөздүү болгон тарыхый, маданий өзгөчөлүктөр, турмуштук багыттар, максаттар, пландар жана аларды ишке ашыруунун жолдору өздөштүрүлөт. Демек, өсүп келе жаткан бала чөйрөнүн жакшы жагын да жана жаман жагын да тез кабыл алат жана андай кабыл алуу, көбүнчө, үй-бүлөдөн башталат.

«Үй-бүлөлүк тарбия деп улуу муундар тарабынан үй-бүлөнүн жаш мүчөлөрүнө: кичине бала, өспүрүм жана жаштарды коомго пайдалуу, ар тараптан өнүккөн, адеп-ахлак жактан жетилген инсан катары калыптандыруу максатында жүргүзүлгөн аракеттерин түшүнсөк болот». Үй-бүлөлүк тарбиянын негизги максаты болуп баланы келечекте ата-энесинин оюндагыдай, коомго пайдалуу жана инсандык жактан ар тараптан өнүккөн адам катары тарбиялоо жана турмушка даярдоо эсептелет.

Бардык мамлекеттердин үй-бүлөлүк саясатынын максаты - коомдун негизги туткасы катары үй-бүлөлөрдүн ролун жогорулатууга негиз түзүү, үй-бүлөлөрдүн балдарды тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталат. Алсак, «Кыргыз Республикасынын үй-бүлө кодексинин» 1-беренесинде «Үй-бүлө - коомдун алгачкы уюткусу. Үй-бүлө, аталык, энелик жана балалык - бүткүл коомдун өзгөчө камкордугунун жана, айрыкча, мамлекеттин коргоосунун жүйөсү. Мамлекет жарандарды үй-бүлөлүк турмушка, жубайлыкка жана энеликке даярдоону камсыз кылат» деп көрсөтүлгөн. Ал эми аталган кодекстин *«Балдарга карата ата-ененин (аларды алмаштырган адамдардын) укуктары жана милдеттери»* 68-беренесинде жубайлардын педагогикалык функциясы төмөнкүчө берилген: Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) баланы тарбиялоого, алардын билим алышына камкордук көрүүгө, жашына жана жөндөмдүүлүгүнө жараша анын иш-аракетин жетектөөгө укуктуу жана милдеттүү. Ата-энелер (аларды алмаштырган адамдар) баланын толук өсүшү, билим алышы, ден соолугунун чыңдалышы жана аны үй-бүлөдө жана коомдо өз алдынча турмушка даярдоо үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү. Ата-энесинин экөө тең (аларды алмаштырган адамдар) бирдей деңгээлде баланы тарбиялоо жөнүндө кам көрүүгө, тиешелүү түрдө багууга, аны материалдык жактан кармоого, турак жай менен камсыз кылууга милдеттүү. Демек, үй-бүлөнүн, ата-энелердин тарбия берүү функциялары мыйзам актыларында таасын бекемделген. Ырасында эле, байыртадан баарыга маалым акыйкат ушул - баланын төрөлүшү али инсандын төрөлүшү эмес, инсан адамдар чөйрөсүндө гана калыптанат. Ал эми наристеге эң жакын чөйрө - үй-бүлө: апасы, атасы, чоң эне, чоң атасы, улуу-кичүү бир туугандары. «Энесин көрүп, кызын ал, эшигин көрүп, төрүнө өт», «Эжени көрүп сиңди өсөт», «Көргөн көргөнүн жасайт, көсөө түрткөнүн жасайт», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» сыяктанган макал-ылакаптар ушул ойду таасын ырастап турат.

Демек, наристенин адам катары өсүп-өнүгүп, анан барып субъект, өзүнүн өнүгүшүнүн кожоюну, б. а., инсан болуп чыгышында ата-энеге жана үй-бүлө мүчөлөрүнө чечүүчү роль таандык. Мындай ой тыянактар, өзгөчө, элдик педагогикалык мурастарда айныгыс туруктуу мыйзам ченемдүүлүк катары катталып калган. Кыргыз коомчулугунда үй-бүлө, Мекен, улут, дин жана мамлекет түшүнүктөрү менен бирдей даражада жогору бааланып, эң улуу жана ыйык баалуулуктардын арасында орун алып келет. Кыргыз маданиятында үй-бүлө кандай бааланса, бала да ошончолук маанилүү. Үй-бүлөнүн негизги функцияларынын бири - көбөйүү же өзүнөн кийин туяк калтыруу экендигин төмөндөгү кыргыз макалдары тастыктайт: «Балалуу үй - базар, баласыз үй - мазар».

А. Алимбеков белгилегендей, «Кыргыз элинде амандашуу салтынын башкы темасы да бала жөнүндө. Адатта, адамдар бири-биринин ал-жайын, турмушун балдарынын бакыбат өсүп-чоңоюп жатканына байланыштуу карашкан. Ушундан улам, учурашарда «Бала-чакаң аманбы?», «Ойноп-күлүп, чоңоюп жатабы?» - деп сурашса, коштошордо «Балдарың аман болсун», «Алардын бетинен өөп кой» деген жакшы сезимин, ак тилегин, каалоосун билдирет».

Биздин эл арасында жүргүзгөн байкоолорубуз көрсөткөндөй, азыр наристелүү болбогондор, жалгыз балалуулар, уулун же кызын ага-инилүү, эже-сиңдилүү кылып өстүрүү максатында эң жакын туугандарынын балдарын асырап алуу салтка айланган. Кыргыз элинде тукумсуздук, баласыз өтүү - орду толгус оор трагедия. Бул элдик салттуу көз караш «Манас» эпосунда Жакыптын арманы аркылуу терең ачылып көрсөтүлгөн. Жакыпта мал да, алтын да, бийлик да бар. Бирок ал баласы жоктугунан өзүн башкалардан кем санайт, жашап жаткан өмүрүнүн маңызын эч нерседен көрө албай: «Тукуму жок өтөмбү? Туяксыз бойдон кетемби? Беш түлүктөп мал жыйдым, алтын жыйдым, пул жыйдым. Бирок жабдык салып ат минип, жанымда жүрөр караан жок! Ажал ачык чара жок, аман жүрөр санаа жок, акыретке бет алсам, атакелеп артымдан наалып калаар балам жок» -

деп зарлайт. Тукумсуз жубайлардын турмушунда бала асырап алуу салты да калыптанган. Чыгыш теги жагынан бул салт эң байыркы мезгилдерге таандык. Баамыбызда, бала асыроо салты түп заманда эле, жалпы түрк уруулары менен бир эл, бир журт катары жашаган мезгилдерде калыптанган болуу керек. А. Алимбековдун ырастоосу боюнча, «асыра» деген кыргыз сөзү уйгурларда «асири», чуваштарда «усра», өзбек, татарларда «асра», алтай, хакастарда «азыра», казактарда «асыра» деп айтылып, бардыгы бир маанини, башка бирөөнүн баласын багып алуу, өстүрүү дегендикти билдирет. Булардын баары байыркы түрк тилиндеги «аз» («азык») деген уңгу сөздөн куралып, азыктандыруу, багуу, өстүрүү, эрезеге жеткирүү деген түшүнүктөргө түгөйлөш. Бала асырап алуу салты байыркы жоопкерчилик заманда көбүнесе, эл журт үчүн согушта курман болгон адамдардын балдарын кароосуз калтырбай багып өстүрүү сыяктуу жүйөлүү шарттарда улам келип чыккан.

Бирок коомдук аң-сезимдин өнүгүшү менен, бала асырап алуу салтынын мазмуну да өркүндөп, байыган. Муну А.Э.Измайлов тарабынан жүргүзүлгөн анкетанын жооптору да тастыктап турат. Ал изилдөөгө алган 124 үй-бүлөнүн ичинен 54 үй-бүлө (35,9%) баласы жок болгондуктан; 12 үй-бүлө (9%) балдары чоңоюп кетип, кичинекей балалуу болууну каалагандыктан; 23 үй-бүлө (18,5%) көп балалуу туугандарына жардам бергилери келгендиктен; 10 үй-бүлө жалгыз баласын жакшы тарбиялоо максатында дагы бир бала багып алышкан; 8 үй-бүлө кыздуу же уулдуу болгуулары келгендиктен, башка уул-кыз багып алгандыктарын билдиришкен. Дегинкиси, кыргыздарда тап-такыр кароосуз калган жетим-жесир аз болгон. Ата-энесинен айрылган, турмушта өксүк балдарга садага-кайыр берүү, мүдөөсүн орундатуу, колунда болгону менен кайрылышуу кадыресе салт деңгээлине чейин көтөрүлгөн. Алсак, «Манас» эпосунда той учурунда устукан албай калып, ыза болгон атасыз жетим балдарга боору ооруп, бир-бирден чапан кийгизген Чыйырдынын, Жолойду жыкканда алган байгесин жалгыз мал койбой бечара-карыптарга бөлүп берген Кошойдун ж.б. көптөгөн белгилүү каармандардын марттык, боорукерлик адамкерчиликтүү иштерин, ошондой эле, аз эмес сооптук, кайрымдуулук иш-аракеттер баса белгиленип сүрөттөлөт. Ушундай эле жөрөлгөлөргө биз да балалыгыбыз айылда өскөн жаран катары көп эле күбө болдук. Кечээ жакынкы күндөргө чейин эле тигил же бул уруудан таркаган балдардын кароосуз калышы алар үчүн ошол уруу үчүн тескери пикир жаратып келген. Айрыкча, бул салт *«Бир атанын балдары»* деп эсептелген уруулук топто өзгөчө мааниге ээ болгон. *«Бир атанын балдары»* жеке чакан жана чоң үй-бүлөлөрдөн турган жана өздөрүн бир атанын тукумдары деп эсептешкен.

Кыргыз элинде атасынан ажырап көрүнгөн жакка, көбүнесе таяке журтуна таркап кеткен балдарды издөө, «бир атанын балдары» тобуна кошуу салты да элдин гуманисттик аң-сезиминин бийиктигинен кабар берет. Бул салттын жүйөөсү тууралуу белгилүү этнопедагог С. Иптаров *«Тууган тарбиясы»* аркылуу адамдын жарандык, моралдык-этикалык сапаттары калыптанып, башкы көңүл ар-намыс, туугандык ынтымак, биримдик сезимдерин бекемдөөгө бурулган. *«Дос жакшы, миң достон бир тамыр, миң тамырдан бир сөөк, миң сөөктөн бир жаман тууган артык», «Туугандын азары болсо да, безери болбойт»* деген адептик нускалар адамды белгилүү бир туугандык-жамааттык топтун жүгүн көтөрүүгө тарбиялап, келечектеги олуттуу жаңыча инсандык, социалдык милдеттерди аткарууга даярдаган» деп жазат.

М. Аристотель, Цицерон, Сенека сыяктуу аалымдар кем мүчөлүү төрөлгөн балдардын жашоо укугун чектөөнү ачык эле жакташкан.

«Жакшы кыз - жакадагы кундуз, жакшы уул - асмандагы жылдыз» -деп айтылат эл макалында, бул мисалдардын негизинде кыргыз эли үчүн бала, эркек бала болсо да, кыз бала болсо да, абдан баалуу экендиги көрүнүп турат.

Бирок «Уулу жоктун мууну жок» деген макал кыргыз элинин салттуу маданиятында

эркек бала кыз баладан кичине жогорураак экендигин көрсөтүп турат. Мунун эң негизги себептеринин бири - үй-бүлөнүн эркек баладан жана кыз баладан күткөн үмүтү ар башка болгондугунда. Салттуу кыргыз маданиятында үйдүн жүгүн тартуу, үй-бүлөнү коргоо, туяк калтыруу сыяктуу түшүнүктөр эркек балага таандык. Бул ой Коркут ата китебинде да «Уул - ата жөлөгү, эки көздүн биридир», «Дөөлөттүү уулу болсо, очогунун көзүдүр» деген макалдар аркылуу бекемделет.

Кыргыз эли балдардын өсүп-өнүгүүсүндө ата-тек насилине өзгөчө маани берген. Адамдын тегине айрыкча басым жасоо менен, «Адам түбүн тартат», «Жакшыдан жакшы туулат, жамандан жаман туулат» деп тыянак чыгарышкан. Бул элдик педагогикалык көз караш «Аккан арыктан суу агат», «Алма дарагынан алыс түшпөйт», «Казанда болсо, чөмүчкө чыгат», «Тулпардын изи суубайт», «Уздан учук артат» деген макалдарда да таасын туюнтулган. Мындай эреже жоболор, эң обол, ата-энелердин нарк-нускасына өзгөчө талаптарды койгон. Ошондуктан балдарды тарбиялоо ата-энелердин эң башкы парызы болгон. Тескерисинче, кыргыз эли бала ал инсан эмес, анын адам болушу ата-энелердин, эл-журттун таалим-тарбия жөрөлгөсүнө байланыштуу деп карайт. Ошондуктан элдик макалда «Туулганына сүйүнбөй, турганына сүйүн» деп айтылат.

Эл ичинде кеңири кездешкен «Баланы төрөйсүң го, бирок кыял жоругун кошо төрөй албайсың», «Атаны тартып уул туулбайт, энени тартып кыз туулбайт», «Баланы айтып, баштап он жолго салбаса, оңолбойт, адам болбойт» деген кеп-сөздөр да атайын тарбиялоодогу ата-энелердин жоопкерчилигин зарылдыгын айкындап турат.

Тарбиялоонун улуу күчүнө карата ишеним, айрыкча, «Манас» эпосунда да олуттуу проблема катары коюлган. Эпосто баяндалгандай, Манастагы асыл баа сапаттар кудайдын кудурети менен көктөн көчүрүлгөн сыйкырдуу кубулуш эмес. Эл Манастын Ата-журтту коргоочу баатырдык касиеттерин, эл тагдырын чечкен жетекчи көсөмдүгүн түздөн-түз ырааттуу уюштурулган тарбиялык иш-аракеттердин жемиши катары карайт. Манас атайын уюштурулган «элдик мектептен» таалим-тарбия алат. Манасты туура тарбиялоо максатында мал чарба ишине, турмушка дасыккан даанышман таалимчи Ошпурга тапшырышат. Баланын дээр-зээнин, келечегин айныбай тааныган акылман карыялар аны туура өстүрүп жетилтүү үчүн өзгөчө камкордуктарды көрүшөт. Ошентип, улуулардын өрнөгү, элдик оюндардын эреже-тартиптеринин негизинде Манаста эр жүрөктүүлүк, калыстык, адилдик, боорукерлик сыяктуу сапаттар кичине кезинен эле көрөңгөлөнөт. *Ата-эне тарбиясында* адамдын кыз бала, эркек бала катары артыкча сапаттарын өнүктүрүүгө, улуу-кичүү, алыс-жакын алака-мамилесинин жол-жобосун аңдай жана аткара билүүгө, үй-бүлөлүк дөөлөттөрдү, психоэмоционалдык сезимдерди таалимдөөгө басым жасалган. *«Ата көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат», «Улууга урмат, кичүүгө ызаат»* адептик жоболору үй-бүлө мүчөлөрүнүн ар бирине өз-өзүнчө талап коюп, адамдын муундар сабындагы данакерлик ордун так аныктап, атуулдук-мураскерлик сапаттардын калыптанышына шарт түзгөн. Жаран тарбиясы *«Атадан алтоо болсоң да, ар жалгыздык башта бар»* деген адептик осуятка негизделип, ар бир адамдын кайталангыс касиетине жана мүмкүнчүлүгүнө басым жасалган.

Элдик педагогикада балдарды тарбиялоодо ата менен эненин жоопкерчиликтери өз-өзүнчө чечмеленет. Элдик түшүнүктө энелердин идеалы, анын балдарга карата мээрман сүйүүсү менен гана эмес, баарыдан мурда, аларды элдин, улуу муундардын эреже-салтына ылайык тарбиялоого багытталган мээнети, билгичтиги, чеберчилиги менен өлчөнөт.

Көрүнүктүү психолог Л.С.Выготский баланын 3 жаштык курагы кооптуу мезгил (кризистик момент), бул учурда баланын өнүгүүсүндө олуттуу өзгөрүүлөр болот деп мүнөздөгөн. Бул жагдай кыргыз эл педагогикасында да кылдат эске алынган. Элдин баамында, бала бул куракта күн сайын, ай сайын өсүү, жетилүү процессинде болот. Анын жаңы сөзү, жаңы жоруктары өсүп чыга келет. Баланын тилинин шириндиги артат сөз

байлыгы өсөт, жөн сүйлөбөй, аламан сүйлөп, адамдын черин жазат. Ошол эле мезгилде «Барды-жокту тап»,- деген ата-энени түйшүккө салчу ошол жоруктары да пайда боло баштайт.

Элдин таалим-тарбия практикасында балдарды эмгек кылууга үйрөтүү эрте жашынан эле башталат. Атап айтканда, ата-энелер балдарды 4,5 жашынан баштап эле өзүн кароого, кийимдерин күтүүгө, үйдөгү тазалыкты, ирееттүүлүктү сактоого, бешик терметип, бөбөктөрүн багууга, көмөктөшүүгө үйрөтө баштаган. Ошондуктан бул курактагы баланы «өзүн-өзү эптеп», «анча-мынча ишке жарап калган» бала деп мүнөздөшкөн. Ошону менен бирдикте, бул куракта «Тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» - деп алардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүгө да өзгөчө көңүл бөлүшкөн.

Кыргыз элинде 7,8 жаштагы баланы «Кол арага жарап калган бала» - деп мүнөздөшөт. Чындыгында эле, бул курактагы балдар мал кайтарууда, багууда, кыздар ийне кармап, үй шыпырып, тамак даярдоодо ата-энелерине дилгирлик менен жакындан жардам көрсөтө башташат. Бул курактагы балдар адеп-ахлактык түшүнүктөрдү, жүрүш-туруш адебин тез кабыл алышат. Ушундан улам, ата-энелер балдарды олдоксон жорук-жосундардан окчун кармап, айрым адепсиз көрүнүштөрдүн маанисин туура түшүндүрүүгө далалат кылышкан.

9,10 жаштагы бала айрым жумуштарды кадыресе өз алдынча аткара баштайт. Ошол эмгек иш-аракеттерине жараша алар «Орок оргонго», «Мал бакканга жарап калган бала» - деп мүнөздөшкөн. Кыз балдар уул балдарга караганда социалдык-турмуштук тажрыйбаларды өтө тез кабылдайт. Өзүнүн келбет-боюна, жүрүш-турушуна олуттуу көңүл бура баштайт. Атап айтканда, эркек балдардан бөлөк ойнойт, атасынан, улуу агаларынан иймене баштайт. Ошону менен бирдикте, үй-бүлөдөгү милдети да күчөйт. Ар кандай жумушту энеси менен барабар аткарууга көнүгө баштайт. Ал эми үйдөгү тазалыкты сактоо ушул жаштагы кыздардын түздөн-түз милдетине айланат. Коомдук пикир да «Кыздуу үйдө кыл жатпайт», - деп, кыздардан ушуну талап кылат.

Кыргызда 12 жаш мүчөл жылы эрезеге жеткен же балакатка жеткен курак деп мүнөздөлөт. Өткөн замандарда 12 жаштагы баланы дене бою, акыл тажрыйбасы жагынан жетилген курак деп эсептешкен. Мындан элдин баланын өсүп-өнүгүүшүнө карата оптимисттик мамилесин ачык байкоого болот. Мындай элдик педагогикалык туюмду «Манас» эпосунан да даана көрүүгө болот. Алсак, Манас да, Семетей да 12,13 жаш курагында баралына толуп, кыргыздын намысын коргоп, айтса жарашкандай баатырдык сапатка ээ болот. Ырасында эле 12,13 жаштагы уул баланы (өзгөчө, андан уул балдар же атасы жок үй-бүлөлөрдө) кыргыздар «кадыресе эр жеткен адам» катары кабылдап, аркабел тутушкан. Кыргыз элинде жаштар 17,19 жаш курагынан баштап үй-бүлө куруп, турмушту баштан кечире баштай.

Изилденип жаткан маселенин социалдык-педагогикалык шарттарын ачып көрсөтүү маселелери И. Болдырев, И.В. Гребенников, А.М. Низов, Р.М. Капралов, А.Я. Савченконун, Д.С. Ягафаровалардын эмгектеринде да орун алган. Н.И. Болдыревдин «Класс жетекчиси» деген эмгегинде класс жетекчинин, үй-бүлөнүн жана коомчулуктун ортосундагы карым-катнаш маселелерине белгилүү көңүл бурулган. Балдардын моралдык жактан чың кылып өстүрүүдө мектеп менен үй-бүлө ортосундагы бекем байланыш түзүү өзгөчө мааниге ээ экендигин белгилеген. Эгерде мектеп окуучуларды гана эмес, алардын ата-энелерин да тарбияласа, бул милдетти иш жүзүнө ашырууда ийгиликтерге жетишүүгө болот. Класс жетекчинин ата-энелер менен иштөө спецификалык өзгөчөлүктөрүн кароо менен Р.М.Капралова тарбия ишинде үй-бүлөнүн, мектептин, ата-энелердин жана класс жетекчисинин ортосундагы тыгыз байланыштарды биримдиктүү карым-катнашка жетишүүгө багытталган ишмердүүлүктүн шартын, маанисин, формасын жана технологияларын ачып көрсөткөн. Ал үй-бүлөнүн тарбиялык абалын, ата-энелер менен

иштөөдө класс жетекчинин көп кырдуу милдеттерин жана функцияларын, педагогикалык жамааттын кесиптик маданиятынын деңгээлин жогорулатуу, ата-энелер менен иштөө жагдайында класс жетекчинин натыйжалуу иш системасын түзүү маселелерин изилдөөгө өзгөчө көңүл бурган. Бул ишмердүүлүктүн формаларын жана ыкмаларын анализдөө менен, автор аларды салыштыруу айырмачылыктарын гана эмес, пайдалануудагы типтүү методикалык каталарын да ачып көрсөтөт.

Жогоруда айтылгандарды жалпылоо менен, педагогикалык жогорку билим берүү системасында болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүнүн кесиптик даярдыгын жакшыртуу багыты, азыркы учурдагы мектептердин шартында үй-бүлөлүк тарбияга болгон жетекчиликтин маанилүү жана татаал милдети объективдүү жаңылануга тийиш деген жыйынтыкка келдик.

Адабияттар:

1. Алимбеков А.А. Кыргыз этнопедагогикасы 1 бөлүм. - Б., 1997. - 9 б.
2. Асипова Н.А. Социалдык тарбия. - Б., 2004. - 185-б.
3. Болдырев Н.И. Классный руководитель. - К.: Рад.школа., 1982. - 254 с.
4 Бекбоев И.Б. Таалим-тарбиянын сегиз ачкычы. //Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - Б., 2008, № 2.
5. Волков Г.Н. Этнопедагогика. - М., 2000. – С. - 60-66.
6. Измайлов А.Э. Народная педагогика: педагогические воззрения народов Средней Азии и Казахстана. - М., 1991. - С- 232-233.
7. Иптаров С. Этнопедагогика жана тарых-улуттук нарк-насилди калыптандыруунун негизи. //Известия КАО. - Б., 2013, № 3 (27). - 28-34-б.